# К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын тарбия иштери боюнча аткарылган иштердин анализи

2022-2023-окуу жылынын башында атайын бир жылга иш план кабыл алынып, ага карата иштер аткарыла башталды. Алгач 15-сентябрь билим күнү салтанаттуу линейка менен өткөзүлдү. Тиешелүү сценарийдин негизинде иш чара жүргүзүлдү. Мында класс жетекчилер биринчи тарбиялык сааттын планын жазып, бекиттиришти. Сентябрь айына иш план кабыл алынып, жалпы окуучуларга жолдо жүрүү жана техникалык коопсуздук эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, тарбия сааттар өтүлдү. Мында сөзсүз балдар тазалыкты сактоо, беткап тагынуу түшүндүрүү иштери киргизилди. Сентябрь айында профилактикалык кеңеш чогулуш жасап, анда өткөн жылга анализ жасалып, жаңы окуу жылындагы маселелер болоору каралды. Быйылкы окуу жылында мектеп ичинде тартип бузган , сабактан көп калган окуучулар боюнча ой-пикирлер айтылып, талкуулар жүрдү. Мектеп парламенти түзүлүп, мектеп президенти болуп 11-класстын окуучусу Бактыгулова Гулбарчын шайланды.

23-сентябрь тил күнү кыргыз тилчилер тарабынан линейка менен өткөрүлдү. Ар бир тилчи мугалим иш чара жана ачык сабактар өтүлдү.

Октябрь айынын биринчи жумасында карылар күнү жана мугалимдер күнү белгиленди. Парламент мүчөлөрү активдүүлүгүн көргөзүп, иш чара жакшы өттү. Мектеп парламенти жана тарбия завуч: Уралиева С.А айылдын карылар кунундо уйлоруно барып, жардам берип кайтышты. Мисалы: картошка теришип, алма жыйнап ,короолорун шыпырып кайттык. Мугалимдердин кунундо да концерттик иш чара откорулду. Ар бир мугалимге парламент тарабынан белектер жана гул берилди.

Мындан сырткары парламент «Калмак Саякбаев атындагы Жаштар» уюму 5 а жана 5 б- класстын окуучуларын салтанаттуу түрдө кабыл алышты.

Жалпы мектеп окуучуларына өрт жана башка ар кандай кырсык учурунда эвакуациялоо боюнча тарбия сааттар өтүлүп, атайын машыгуулар өтүлдү.

Ноябрь айынын башында «Зордук зомбулукка каршыбыз» деген темада 7-11клаастар арсында талкуу сабак уюшулду. 1-декабрь СПИДке каршы күнүнө карата линейка уюушулуп, маалыматтар берилди. 7-11-класска чейин дене тарбия мугалими Токтогонов Айдар Жолдошбекович эстафета уюштуруп

1-орун 10-класс